Айтыңызчы, мен парз намаздарын окуп, Рамазан орозосун кармасам, адалды адал деп билип, арамды арам

Жабир, радыяллаху анху, риваят кылат: Бир киши Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдан, мындай деп сурады: «Айтыңызчы, мен парз намаздарын окуп, Рамазан орозосун кармасам, адалды адал деп билип, арамды арам деп билсем жана бул нерселерге эч нерсе кошпосом, анда мен бейишке киреминби?» Анда Пайгамбарыбыз: «Ооба» - деди. Ал: «Аллахка ант болсун! Мен буга эч нерсе кошпойм» - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ким беш убак намазды окуп аларга нафил намазды кошпосо, Рамазан орозосун кармап нафил орозо кармабаса, адалды адал деп билип жана аны аткарса, арамдын арам экендигин билип андан алыс болсо, анда анын бейишке кирерин баяндады.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/65003